# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УБАКТЫЛУУ ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2010-жылдын 9-июлу УӨ N 117*

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын алдындагы Апелляциялык кеңешке арыздарды, каршы пикирлерди берүүнүн жана аларды кароонун Эрежелерин бекитүү жөнүндө

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 20-майындагы № 263 токтомунун редакциясына ылайык)*

Кыргыз Республикасынын Патент мыйзамын, "Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө", "Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо жөнүндө", "Фирмалык аталыштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын ишке ашыруу максатында жана "Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын алдындагы Апелляциялык кеңешке арыздарды, каршы пикирлерди берүүнүн жана аларды кароонун тиркелген Эрежелери бекитилсин.

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 20-майындагы № 263 токтомунун редакциясына ылайык)*

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Убактылуу Өкмөтүнүн**
**Төрагасы** **Р.Отунбаева**